# Депозиттер

*(2017-жылдын 12 айы үчүн)*

2017-жылдын баш жагынан тартып ички рынокто иш жигердүүлүгүнүн туруктуу өсүшүнө салыштырмалуу депозиттик базанын өсүш (+13,6 пайызга) тенденциясы байкалган. Натыйжада, коммерциялык банктардын депозиттик базасы өтүп жаткан мезгилдин акырына карата 121,6 млрд сомду түзгөн. Мында, кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен кароого алынып жаткан мезгил ичинде 1,6 пайызды түзүү менен олуттуу деле өзгөргөн эмес (жыл башынан тартып +0,1 п.п.).

Коммерциялык банктардын депозиттик базасы боюнча эң чоң өсүш талап боюнча төлөнүүчү депозитттер (жыл башынан тартып +19,1 пайыз), ишканалардын эсептешүү эсептеринде акча каражаттарынын калдыктары (+12,5 пайыз) жана мөөнөттүү депозиттер (+10,5 пайыз) боюнча катталган.

Валюталар боюнча депозиттик базанын өсүшү негизинен калктын улуттук валютада аманаттарынын 21,8 пайызга, 63,8 млрд сомго чейин өсүшү менен байланыштуу болгон. Чет өлкө валютасында депозиттик база 5,7 пайызга, 57,8 млрд сомго чейин өскөн.

Курстун өзгөрүүсүн эске албаганда, депозиттик база жыл башынан тартып 13,9 пайызга көбөйгөн. Отчеттук мезгилдин акырына карата долларлаштыруу деңгээли 47,5 пайызды (-3,5 п.п.) түзгөн.

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2-график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




**3-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин динамикасы**




2017-жыл ичинде депозиттик база түзүмүндө мөөнөттүүлүк категориялары боюнча олуттуу өзгөрүүлөр байкалган эмес. Ошентип, банк кардарларынын мөөнөттүү депозиттеринде каражаттар үлүшү бир мезгилдин акырына карата 36,3 пайызды (жыл башынан тартып -1,0 п.п.), эсептешүү эсептеринде депозиттер үлүшү – 35,4 пайызды (-

0,3 п.п.) түзүп, талап боюнча төлөнүүчү депозиттер үлүшү тескерисинче 28,3 пайызга чейин (+1,3 п.п.) көбөйгөн.

Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча кыска мөөнөттүү депозиттер үлүшү (1 жылга чейин) узак мөөнөттүү ресурстар үлүшүнүн 31,0 пайызга чейин пропорционалдуу көбөйүшү менен жыл башынан тарта 69,0 пайызга (-5,4 п.п.) чейин төмөндөгөн.

**4-график. Улуттук валютасында алынган депозиттердин түзүмү**




**5-график. Четөлкө валютасында алынган депозиттердин түзүмү**




Депозиттер рыногунда концентрациялануу индекси өтүп жаткан мезгилдин акырына карата 0,10 деңгээлинде сакталган, бул концентрациялануунун орточо деңгээлине дал келет жана рынокто бирдей үлүшкө ээ он катышуучу катышкандыгына барабар.

Өтүп жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга аманаттар көлөмүнүн өсүш тенденциясы улантылган. Алсак, байкоого алынып жаткан мезгил ичинде жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмү[1] 527,5 млрд сомду түзгөн, бул өткөн мезгилге караганда 13,7 пайызга көп. Ушуну менен бирге эле, 16,3 пайызга, 289,7 млрд сомго чейинки эң чоң өсүш улуттук валютадагы жаңыдан кабыл алынган аманаттар боюнча катталган. Чет өлкө валютасында өсүш 10,7 пайызга, сом эквивалентинде 237,9 млрд чейинкини түзгөн.

Түзүм боюнча алганда жаңыдан кабыл алынган аманаттардын 56,3 млрд сомго (+13,5 пайызга) чейин көбөйүшү негизинен талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттер көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсеби эске алынбайт.

өсүшү менен камсыз болгон. Мында, алардын үлүшү мөөнөттүү депозиттердин үлүшүнүн пропорционалдуу (10,0 - 10,2 пайызга чейин) өсүшү менен 90,0 пайыздан 89,8 пайызга чейин кыскарган. Ушуну менен катар эле кабыл алынган мөөнөттүү депозиттердин көлөмү 7,4 млрд сомго (+15,9 пайызга) көбөйгөн.

2017-жылы орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн мезгилге салыштырмалуу олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. Алсак, улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2016-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырмалуу 0,3 п.п. көбөйүү менен 2,8 пайызды түзгөн. Мында, улуттук валютада мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 10,5 пайызды (-2,1 п.п.), ал эми талап боюнча төлөнүүчү депозиттер 1,7 пайызды (+0,4 п.п.) түзгөн.

**6-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




**7-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,6 пайызды (-0,03 п.п.) түзгөн. Мында чет өлкө валютасында мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 4,1 пайызга (-0,5 п.п.) чейин төмөндөгөн, талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча 0,3 пайызды түзүү менен 0,1 п.п. жогорулаган.